**БЕКИТИЛДИ**
Окумуштуулар кеңешинин
26.12.2025 №5 протоколу

# С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө жобо (мындан ары - Жобо) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 10-июнундагы №329 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын кесиптик жогорку билим берүү уюмдарында профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын ээлөө тартиби жөнүндө жобонун, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин, "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамынын, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актыларынын негизинде иштелип чыккан жана Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын кызмат орундарын ээлөө тартибин аныктайт.
2. Университеттин профессордук-окутуучулук курамына конкурстук негизде белгиленген тартипте бул кызмат ордун ээлеген, окутуучулар, улук окутуучулар, доценттер, профессорлор кирет. Конкурс өткөрүүнүн максаты Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөөгө тиешелүү теориялык жана кесиптик даярдыгы бар, тиешелүү дисциплиналарды теориялык, методикалык деңгээлде окутууну камсыз кылууга жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө жөндөмдүү адамдарды тандоо болуп саналат. Конкурс өткөрүү жарандардын квалификациясына, илимий-теориялык жана кесиптик даярдыгына ылайык бош кызмат орундарын ээлөөгө алардын бирдей жетүү укугун камсыз кылат. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын квалификациялык талаптары тиркемеде белгеленет.
3. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын - профессорлордун, доценттердин, улук окутуучулардын бош кызмат орундары конкурстук негизде 5 жылга чейинки мөөнөткө ээленет.
4. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын - профессорлордун, доценттердин бош кызмат орундарын ээлөөгө жарыяланган илимий эмгектери, окуу-методикалык колдонмолору бар жана тийиштүү илимий-теориялык жана методикалык деңгээлде лекциялык сабактарды өтүүчү тиешелүү окумуштуулук даражасы жок билим берүү уюмдарынын окутуучуларына, он жылдан кем эмес илимий-педагогикалык иш стажы бар профессорго жана беш жыл стажы бар доцентке жол берилиши мүмкүн.
5. Профессордун бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска илимдин доктору же илимдин кандидаты окумуштуулук даражасы жана доцент илимий наамы бар тиешелүү квалификациядагы адистер катыша алат.

Профессордун кызмат ордун ээлөөгө талапкер Кыргыз Республикасынын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын рецензияланууучу илимий басылмаларынын тизмесине кирген басылмаларда, ошондой эле чет өлкөлүк рецензияланууучу илимий басылмаларда жарыяланган илимий эмгектери болушу керек. Басылмалардын санына карата талаптар Университет тарабынан белгиленет.

6. Доценттин бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурска тиешелүү квалификациядагы илимдин кандидаты же профили боюнча философия доктору (PhD)/доктор окумуштуулук даражасы бар адистер катыша алат.

Доценттин кызмат ордун ээлөөгө талапкер Кыргыз Республикасынын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларын аттестациялоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын рецензияланууучу илимий басылмаларынын тизмесине кирген басылмаларда, ошондой эле чет өлкөлүк рецензияланууучу илимий басылмаларда жарыяланган илимий эмгектери болушу керек. Басылмалардын санына карата талаптар Университет тарабынан белгиленет.

7. Улук окутуучунун бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска окумуштуулук даражасы бар же жок, билим берүү уюмдарында үч жылдан кем эмес илимий-педагогикалык стажы бар, Кыргыз Республикасынын илимий жана илимий-педагогикалык кадрларды аттестациялоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын рецензияланууучу илимий басылмаларынын тизмесине кирген басылмаларда жарыяланган илимий эмгектери бар тиешелүү квалификациядагы кесиптик жогорку билими (магистр/адис) бар адистер катыша алат. Басылмалардын санына карата талаптар Университет тарабынан белгиленет.

8. Окутуучунун бош кызмат ордун ээлөөгө конкурска тийиштүү квалификациядагы кесиптик жогорку билими бар (магистр/адис), окумуштуулук даражасы бар же жок адистер катыша алат.

9. Конкурс өткөрүү тартиби ушул Жобо менен аныкталат.

10. Университеттин ректору профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарына айрым категориядагы адамдар менен конкурс өткөрбөстөн бир окуу жылдык мөөнөткө эмгек келишимин түзүүгө укуктуу. Бир окуу жылына эмгек келишими түзүлүүчү адамдардын категорияларына төмөнкүлөр кирет:

- түздөн-түз өндүрүштө иштеген, негизги иши менен окутуучулук ишти айкалыштырууну каалаган адис-практиктер;
- сааттык эмгек акы шарттарында иштеген окутуучулар;
- пенсия курагындагы окутуучулар;
- үч жашка чейинки балдарды багуу боюнча өргүүдөн кийинки окутуучулар.

Окуу жылынын башында окутуучуларга болгон өндүрүштүк муктаждык курч болгон жана /же окуу жылынын ичинде түзүлгөн бош кызмат орундарын толтуруу зарыл болгон учурларда Университеттин ректору окуу жылынын аягына чейин тиешелүү билими жана квалификациясы бар окутуучулар менен конкурс өткөрбөстөн мөөнөттүү эмгек келишимин түзүүгө укуктуу.

11. Профессордук-окутуучулук курам менен бир окуу жылына түзүлгөн келишим окуу жылынын аягында анын жарактуулук мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу бузулат.

12. Өзүнүн кесиптик милдеттерин тийиштүү түрдө аткарган шартта кафедра башчысынын, факультеттин деканынын, магистратура бөлүмүнүн директорунун, колледж директорунун өтүнүч каты жана адистин макулдугу менен Университеттин ректору тарабынан келишим жаңы окуу жылына кайра түзүлүшү мүмкүн.

## 2. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөө тартиби

13. Учурдагы окуу жылынын аягында Университеттин ректору тарабынан келерки окуу жылында кызмат ордунун мөөнөтү аяктап жаткан профессорлордун, доценттердин, улук окутуучулардын, окутуучулардын бош кызмат орундарын келерки окуу жылына ээлөөгө конкурс өткөрүү графиги бекитилет. Бул график тийиштүү түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн жетекчилерине, ошондой эле жаңы иштөө мөөнөтүнө кайра шайланууга тийиш болгон адамдарга маалымдалат.
Бош кызмат орундары пайда болгон учурда конкурс өткөрүү графигине өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилет.
14. Профессорлордун, доценттердин, улук окутуучулардын, окутуучулардын бош кызмат орундарын ээлөө жөнүндө конкурс Университет бекиткен графикке ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарында, билим берүү уюмдарынын жана кесиптик жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын сайттарында жарыяланат.
15. Толук же толук эмес штаттык бирдик көлөмүндө Университеттин штаттык расписаниесинде каралган бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жарыялоо жөнүндө чечимди Университеттин ректору кабыл алат.
16. Университеттин профессордук-окутуучулук курамынын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс жөнүндө жарыяда төмөнкүлөр көрсөтүлөт:
- бош кызмат ордунун толук аталышы;
- конкурстун катышуучуларына коюлуучу талаптар;
- конкурска катышуу үчүн керектүү документтердин тизмеси;
- документтерди берүү мөөнөтү;
- документтерди кабыл алуу дареги, орду жана байланыш телефондору.

17. Документтерди тапшыруу мөөнөтү конкурс жөнүндө жарыя жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган күндөн тартып бир айды түзөт.
18. Конкурска катышуу үчүн төмөнкү документтер тапшырылат:
- ректордун атына арыз;
- кадрларды эсепке алуу боюнча толтурулган өздүк баракча сүрөтү менен;
- резюме, мурунку иштеген жеринен мүнөздөмө-сунуштама;
- жарыяланган илимий эмгектердин жана ойлоп табуулардын, ошондой эле окуу-методикалык куралдардын тизмеси;
- билими, илимий наамдары жана даражалары, квалификациясын жогорулатуу жөнүндө документтердин көчүрмөлөрү, эмгек китепчесинин, сыйлыктарынын күбөлүктөрүнүн жана башка документтердин нотариалдык же иштеген жериндеги кадр кызматы тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү.

19. Кафедранын отурумунда кароодо иш стажы бар конкурсанттар конкурска чейинки мезгилдеги окуу, окуу-методикалык, илимий иштери тууралуу маалыматты берет.
20. Кафедранын отурумунда ар бир талапкер боюнча штаттык окутуучулардын ачык добушу менен жөнөкөй көпчүлүк добушу аркылуу сунуштама менен корутунду кабыл алынат, ал кафедранын жыйналышы өткөндөн кийин үч жумуш күндүн ичинде Университеттин (факультеттин, түзүмдүк окуу бөлүмүнүн) конкурстук комиссиясынын кароосуна берилет.
21. Кафедраларды бириктирүүдө же бөлүүдө беш жылга чейин шайланган жана келишимдин мөөнөтү бүтө элек окутуучуларга карата профессордук-окутуучулук курамды мөөнөтүнөн мурда шайлоо өткөрүүгө уруксат берилбейт.
22. Конкурска берилген документтерди алдын ала талдоо жана окумуштуулар кеңешинде кароо үчүн сунуштамаларды даярдоо үчүн Университеттин ректору тарабынан бир окуу жылына конкурстук комиссия түзүлөт.
23. Конкурстук комиссиянын төрагасы болуп академиялык иштери боюнча проректор саналат. Конкурстук комиссиянын курамына факультеттердин (түзүмдүк окуу бөлүмдөрүнүн), окуу бөлүмүнүн жана кадрлар бөлүмүнүн (катчы), ошондой эле профсоюздук жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирет.
24. Конкурстук комиссиянын чечими ар бир талапкер боюнча кыскача жүйөлөштүрүлгөн корутундуну камтыган протокол менен таризделет жана конкурстук комиссиянын төрагасы жана катчысы тарабынан кол коюлат.
Конкурстук комиссиянын чечимине макул болбогондор апелляциялык комиссияга арыз бере алат, ал эки иш күндүн ичинде аны карап чыгууга тийиш.
25. Аталган окуу жылында билим берүү уюмун, аспирантураны жана докторантураны аяктаган адамдар профессордук-окутуучулук курамдын кызмат орундарын конкурска катышпастан ээлейт. Үч жыл өткөндөн кийин аталган кызмат орундары ушул Жобого ылайык конкурстук негизде ээленет.

## 3. Конкурс өткөрүүнүн тартиби

26. Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурс Университеттин окумуштуулар кеңешинде жашыруун добуш берүү менен өткөрүлөт.
27. Конкурстун катышуучуларынын тизмеси окумуштуулар кеңешинин отуруму өткөрүлгөнгө чейин он күн мурда аты-жөнүн, окумуштуулук даражасын, иш стажын, ээлеген кызмат ордунун аталышын көрсөтүү менен Университеттин маалымат тактасына илинет.
28. Окумуштуулар кеңешинин отурумунданда ар бир талапкер боюнча жашыруун добуш берүүнүн алдында кафедранын корутундусу жана конкурстук комиссиянын тиешелүү сунуштамалары менен чечими жарыяланат.
29. Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурска катышкан бардык адамдардын аты-жөнү алфавиттик тартипте жашыруун добуш берүү үчүн бир бюллетенге киргизилет.
30. Профессордук-окутуучулук курамдын бош кызмат орундарын ээлөөгө конкурска катышкан адамдар окумуштуулар кеңешинин отурумуна катыша алат.

31. Добуш берүүнү уюштуруу үчүн окумуштуулар кеңеши добуш берүү башталганга чейин окумуштуулар кеңешинин үчтөн кем эмес мүчөсүнөн турган курамда эсептөө комиссиясын шайлайт. Эсептөө комиссиясы ар бир талапкер боюнча добуш берүүнүн жыйынтыгын жарыялайт.
32. Эсептөө комиссиясынын протоколу окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн ачык добуш берүүсү менен бекитилет жана конкурстун материалдарына тиркелет.
33. Эгерде конкурсту өткөрүүдө окумуштуулар кеңешинин курамынын үчтөн экисинен кем эмеси катышса, анын чечими мыйзамдуу деп эсептелет.
34. Отурумга катышкан окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн жарымынан көп добушун алган талапкер шайланды деп эсептелет.
35. Эгерде бир же эки талапкер катышкан конкурсту өткөрүүдө жана алардын бири да добуш берүүгө катышкан окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрүнүн добуштардын жарымынан көбүн ала албаса, анда конкурс өткөн жок деп эсептелет жана жаңы конкурс дайындалат.
Эгерде эки же андан көп талапкер катышкан конкурсту өткөрүүдө эч ким добуштардын жарымынан көбүн албаса, анда окумуштуулар кеңешинин ушул эле отурумунда кайрадан добуш берүү жүргүзүлөт. Экинчи турдун бюллетенине биринчи турда көпчүлүк добуш алган эки талапкер киргизилет. Экинчи турда жөнөкөй көпчүлүк добуш алган талапкер кызмат ордуна шайланды деп эсептелет.
Эгерде талапкерлер экинчи турда добуштардын бирдей санын алса, анда конкурс өткөн жок деп эсептелет жана жаңы конкурс дайындалат.
36. Конкурска арыздар жок болгон учурда ал өткөн жок деп эсептелет.
37. Эгерде конкурсту өткөрүүнүн натыйжасында коюлган талаптарга жооп берген талапкерлер аныкталбаса, ректор конкурсту кайталап өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.
38. Конкурстун ар бир катышуучусуна конкурстун жыйынтыгы ал аяктаган күндөн тартып бир айдын ичинде жазуу жүзүндө билдирилет.
39. Конкурстун жыйынтыгы боюнча чечим ректордун буйругу менен таризделет. Буйруктун көчүрмөсү тиешелүү кызмат ордуна шайланган адамга тапшырылат.

## 4. Профессордук-окутуучулук курам менен келишимди токтотуунун негиздери

40. Мурда ээлеген кызмат орундарына конкурс боюнча шайланбай калган, ошондой эле конкурска катышуу үчүн арыз бербеген адамдар шайлоо мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу бул семестр аяктагандан кийин иштен бошотулат.
41. Университеттин ректорунун демилгеси менен эмгек келишимин мөөнөтүнөн мурда токтотууга төмөнкү учурларда жол берилет:
- окуу жылы аяктагандан кийин штаттарды кыскартууда (окуу жүктөмүн кыскартуу) окутуучуга жекече, кол койдуруу менен бошотуу жөнүндө бир ай мурда эскертүү менен;
- окутуучу тиешелүү медициналык мекеме тарабынан ден соолугунун абалы боюнча ишин улантууга жолтоо болуп, ээлеген кызмат ордуна ылайык келбейт деп таанылганда (төрт айдан ашык үзгүлтүксүз убакытка созулган оору);

- окутуучу келишимдин шарттарын бузганда (уставды сактабаганда, ички тартип эрежелерин бузганда, жеке иш планын аткарбаганда, жүйөлүү себептер менен контракт менен шартталган ишти же окуу сабактарынын бекитилген расписаниесине ылайык ишти аткара албагандыгы жөнүндө администрацияга өз убагында билдирбегенде);
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинде жана "Билим берүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамында каралган башка негиздер боюнча.

42. Университеттин ректоруна педагогикалык кызматкердин ээлеген кызмат ордуна ылайык эместиги жөнүндө маселени окумуштуулар кеңешинин чечимине чыгарууга укук берилет.
43. Педагогикалык кызматкердин ээлеген кызмат ордуна ылайыктуулугу жөнүндө окумуштуулар кеңешинде маселени чечүүдө анын ишин ректор бекиткен комиссия текшериши керек.
44. Педагогикалык кызматкерди окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде ылайык келбегендиги боюнча бошотууга ал лекцияларды канааттандырарлык эмес окуган, практикалык жана семинардык сабактарды өткөргөн, илимий, методикалык жана тарбиялык иштерди төмөн деңгээлде аткарган учурда жол берилет.
45. Адеп-ахлаксыз жоруктарды жасаган педагогикалык кызматкерди иштен бошотуу кесиптик бирликтин уюмунун же билим берүү уюмунун эмгек жамаатынын кеңешинин макулдугу менен ректордун буйругу менен жүргүзүлөт.

## 5. Эмгек келишиминин мазмуну

46. Педагогикалык кызматкер жана Университеттин ректору менен түзүлгөн эмгек келишиминде кызмат орду, кафедранын аталышы, келишим түзгөн тараптар, эмгек келишиминин түрү, иштөө режими жана эмгек акы төлөө шарттары көрсөтүлөт.
47. Окутуучунун милдеттерине жекече пландын, Университеттин уставынын талаптарын, ички тартип эрежелерин аткаруу, администрацияга келишим менен шартталган ишти жүйөлүү себептер менен аткарууга мүмкүн эместиги жөнүндө өз убагында билдирүү кирет.
48. Окутуучу окутуунун методдорун жана каражаттарын, студенттерди, магистранттарды даярдоонун сапатына коюлуучу талаптарды тандоого, жабдууларды, лабораторияларды, маалымат булактарын Университетте белгиленген тартипте пайдаланууга укуктуу.
49. Администрациянын милдеттерине келишим менен шартталган шарттарды түзүү, окуу процессиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө өз убагында маалымдоо, эмгек коопсуздугунун шарттарын камсыз кылуу жана коргоо кирет.